| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЧҮЙ ОБЛУСУ<br>АЛАМҮДҮН РАЙОНУ<br><br>АЛА - АРЧА<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ<br><br>724324 Мрамор айылы<br>Юбилейная көчөсү № 1 | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>АЛАМУДУНСКИЙ РАЙОН<br><br>АЛА - АРЧИНСКИЙ<br>АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ<br><br>724324 с. Мраморное<br>ул. Юбилейная № 1 |
|---|---|---|

**АЛА-АРЧА АЙЫЛДЫК КЕНЕШИНИН 28 ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН КЕЗЕКСИЗ ОТУРУМУ**

# ТОКТОМ № 95

**17 - октябрь 2023- жыл**

**АРИСтин «Айылды инвестициялоонун үчүнчү долбоорунун алкагындагы кошумча каржылоо (COVID-19га жооп кайтаруу боюнча)» - КК АИД-3 долбооруна "Мраморное айылына таштанды ташуучу унаа жана таштанды салуучу контейнерлерди сатып алуу" долбоордук сунуштоосун бекитүү жөнүндө**

АРИС КК АИД-3 долбоорунүн алкагында Ала-Арча айылдык аймагында жүргүзүлгөн долбоордук иш-чаралар жөнүндө жана ири долбоор Мраморное айылына таштанды ташуучу унаа жана таштанды салуучу контенйнерлерди сатып алуу боюнча айыл өкмөтүнүн башчысы Г.Э. Ниязованын жана айылдык аймактын АК АКИА нын төрөайымы Ч.Ж. Турсуналиеванын ,маалыматын карап жана талкуулап, ошондой эле "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" 20-октябрь, 2021-жылдын № 123 Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 27-беренесине ылайык, Ала-Арча айылдык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Долбоордук сунуш - «Мраморное айылына таштанды ташуучу унаа жана таштанды салуучу контейнерлерди сатып алуу» жалпы бюджеттик суммасы 4 343 500 сом, анын ичинен АРИСтин гранттык суммасы 2 871 000 сом, жергиликтүү бюджеттен кошумча каржылоо 1 472 500 сом бекитилсин. (1тиркеме.)
2. Долбоордук сунуш – «Мраморное айылына таштанды ташуучу унаа жана таштанды салуучу контейнерлерди сатып алуу» 2023-жылдын Ала-Арча айылдык аймагынын социалдык-экономикалык өнүгүү планына жана инвестициялык планга киргизилсин;
3. Айыл өкмөтүнүн башчысы Г.Э.Ниязовага долбоордук сунушка тиешелүү иш-кагаздарды АРИСке өз убагында берүү тапшырма берилсин;
4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Ала-Арча айыл өкмөт башчысы Г.Э. Ниязовага жүктөлсүн.

**Ала-Арча айылдык Кеңешинин төрагасы** **Н.Мажитов**